КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XVII сессиясы**

**Токтом № 59**

**Сүлүктү шаары** **29.09. 2022-жыл**

**Сүлүктү шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын аткарган иштери жөнүндө**

Сүлүктү шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын 2022-жылдын 1-сентябрына карата аткарган иштери жөнүндө маалыматты угуп жана талкуулап Сүлүктү шаардык кеңешинин социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын эске алып Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын 2022-жылдын 1-сентябрына карата аткарган иштери жөнүндө маалыматы кабыл алынсын

2. Шаардын аймагындагы аз камсыз болгон, жардамга муктаж үй бүлөлөргө көмөк көрсөтүү, жумушсуздарга жумуш орду менен камсыз кылуу максатында шаардын аймагында жер жемиш, жашылча, сүт жана башка элге керектелүүчү азыктар сатылуучу муниципалдык базар ачуу жагы Сүлүктү шаарынын мэри М.Кадыркуловго сунушталсын

3. Жашы жете элек балдарга зордук зомбулук көрсөтүүнүн жана жашы жете элек өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукка баруунун алдын алуу жана анын себептерин изилдөө боюнча шаардык масштабда атайын иш чараларды түзүү, аткарууга алуу жагы Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы балдар менен иштөө боюнча комиссиясына жана шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысына милдеттендирилсин

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаардык кеңешинин социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: К.Мадаминов